# Биз экстремизмге каршыбыз!

**И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

## Экстремизм деген эмне?

**Экстремизмдин жашы, жынысы, дини жана улуту жок. Эч ким экстремист болуп төрөлбөйт. Анда адамдар кантип экстремист болуп калышат? Биз экстремизм деп аткан нерсе эмне жана анын кандай түрлөрү бар?**



# Экстремизм

Экстремизм латын тектүү сөз. Азыр англис тилинде кеңири колдонулуп жүргөн «extreme» деген сөз менен түздөн-түз байланышы бар, кыргызчага которгондо акылга сыйбаган, кабыл алууга болбогон же чектен ашкан көз караш, иш-аракет деген маанини туюнтат.

Бул түпкүлүгүндө саясий түшүнүк болуп эсептелет. Ошондуктан дүйнө жүзүндөгү мамлекеттер өздөрүнүн шарттарында ар кандай аныктамаларды берип, ошого жараша иш жүргүзүп келишет. Кыргызстанда дагы "Экстремисттик аракеттерге каршылык көргөзүү" жөнүндө мыйзам кабыл алынып, анда экстремизм кеңири сүрөттөлгөн.




# Экстремизмдин түрлөрү

Экстремизмди зыяндуу, тагыраак айтканда, зомбулук камтыган жана зомбулуксуз деп экиге бөлүүгө болот. Кандайдыр бир максатты көздөп, адамдардын тынч жашоосуна бүлгүн салуу, коомго, айлана-чөйрөгө олутуу зыян келтирүү – бул зомбулук камтыган экстремизм (бул кандайдыр бир деңгээлде терроризмге дагы окшошуп кетет. Терроризм боюнча кененирээк кийинки макалада баяндалат). Ал эми зомбулуксуз экстремизм көбүнесе «акылга сыйбаган, чектен ашкан» көз караштарды ишке ашыруу үчүн кимдир бирөөгө зыян келтирбейт.





ЭКСТРЕМИЗМ – мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө жана мыйзамдарды бузууга алып барган кыймыл же иш-аракет, ошондой эле жеке, коомдук жана улуттук коопсуздукка коркунуч жараткан чакырыктар.

Экстремисттик, деструктивдик уюмдардын ишмердүүлүгүнө катышуу же алардын материалдарын таратуу, ошондой эле террористтик мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасоо Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин негизинде жоопкерчиликке тартылат.

Террористтик мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыш – бул террористтик жана экстремисттик уюмдун ишмердүүлүгүнө көндүрүү, анын ичинде чет өлкөнүн аймагында болуп жаткан куралдуу кагылышка же согушка катышуу ж.б.

Бул кылмыштар үчүн 3-жылдан тартып өмүр бою эркиндигинен ажыратууга чейин жазалар каралган жана ошонодой эле белгиленген кызмат орундарды ээлөө укугунан ажыратылат.